| № | Сабактын темасы | Мөөнөтү | ИДН. колу. |
|---|---|---|---|
| 1 | Кылмыштуулуктун алдын алуу. | 20.09.22. | Ми |
| 2. | Рекетчиликтин алдын алуу | 28.09.22. | Ми |
| 3. | Зордук зомбулуктун алдын алуу | 6.10.22ж. | Ми |

# Акт

**1.11.2021-жыл** **Осовиахим айылы**

Биз төмөндө кол коюп акт түзүп кол коючулар Кочкор РИИБнүн аймактык тескөөчүсү милициянын лейтенанты Убайдылда Малтабаров атындагы орто мектебинин директору А.Исакова жана тарбия иштеринин уюштуруучусу Сулайманова Айдай болуп. Себеби:2021-жылдын 1-ноябрь күнү 30-ноябрь күнүнө чейин Убайдылда Малтабаров атындагы орто мектебинде катталбай калган кылмыш жана жоруктар жок.

Акт түзүүчүлөр:

Кочкор РИИБ ЖИИ аймактык тескөөчүсү
милициянын капитаны: Жекшенбек уулу Сөңкөлбек

Убайдылда Малтабаров атындагы орто
мектебинин директору: А.Исакова

Тарбия иштеринин уюштуруучусу: А.Сулайманова

# Акт

Осовиахим айылы

28.02.2021-жыл

Биз томондо акт тузуп кол коючулар Кочкор РИИБнун аймактык тескоочусу милициянын лейтенанты А.Калиев Убайдылда Малтабаров атындагы орто мектебинин директору А.Исакова жана тарбия иштеринин уюштуруучусу А.Сулайманова болуп. Себеби 2021-жылдын 1-февраль куну 28-февраль кунуно чейин Убайдылда Малтабаров атындагы орто мектебинде катталбай калган кылмыш жана жоруктар жок.

Акт тузуучулор:

1) Кочкор РИИБнун ЖИИ аймактык тескоочу
2) милициянын ага лейтенанты А.Калиев
3) У.Малтабаров атындагы орто мектебинин директору: А.Исакова
4) Тарбия иштеринин уюштуруучусу: А.Сулайманова

# Акт

1.09.2022-жыл Осоавиахим айылы

Биз төмөндө акт түзүп кол коючулар Кочкор РИИБнун аймактык тескөөчүсү милициянын капитаны Курманова Мариям Өмүрбековна, мектептин директору Астра Исакова жана тарбия иштеринин уюштуруучусу Сулайманова Айдай болуп акт түздүк. Себеби 2022-2023-окуу жылынын 1-сентябрь күнү 30-сентябры күнүнө чейин Убайдылда Малтабаров атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде катталбай калган кылмыш жана жоруктар жок.

Акт тузуучулор:

1) Кочкор РИИБнун БИИнын аймактык тескөөчүсү
2) милициянын капитаны М.Курманова
3) У.Малтабаров атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору А.Исакова

4) Тарбия иштеринин уюштуруучусу: А.Сулайманова

# С П Р А В К А

Берилет ушул справка Осмон Айбашов атындагы орто мектеби тарабынан Кочкор РИИБнүн БИИнун аймактык тескөөчүсү милициянын капитаны **Курманова Мариямга** себеби: 02-февраль 2022жылы 8-11- класстардын окуучуларына «Мектеп окуучулары арасында уурулук, зордук-зомбулук», «Рекетчилик» боюнча лекция окуп, түшүндүрүү, сүйлөшүү иштерин жүргүзүп кетти.

Справка талап кылынган жерге берилди.

Мектеп директору: А.Исакова

Т.И.У.: А.Сулайманова

# С П Р А В К А

Берилет ушул справка У.Малтабаров атындагы орто мектеби тарабынан Кочкор РИИБнүн БИИнун аймактык тескөөчүсү,милициянын капитаны Курманова Мариямга себеби: 02.02.2022-жылы 5- класстардын окуучуларына «Жашы жете электердин укук жана милдеттери» боюнча лекция окуп,түшүндүрүү, сүйлөшүү иштерин жүргүзүп кетти.

Справка талап кылынган жерге берилди.

Мектеп директору: А.Исакова

Т.И.У.: А.Сулайманова

**С П Р А В К А .**

Берилет ушул справка Убайдылда Малтабаров атындагы орто мектеби тарабынан Кочкор РИИБнүн БИИнун аймактык тескөөчүсү, милициинын капитаны **Курманова Мариямга** себеби: 20-январь 2022-жылы мектепке келип, Эрте никеге туруу жана кыздардын журум туруму боюнча боюнча лекция окулуп түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Справка талап кылынган жерге берилди.

**Мектеп директору:** **А.Исакова**

**ТИУ:** **А.Сулайманова**

Убайдылда Малтабаров атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылына карата жаштарды ыймандуулукка,адептүүлүккө маданиятуулукка тарбиялоо багытында жана зордук-зомбулукту,кылмыштуулукту,эрте никеге туруунун алдын алуу боюнча жогорку класстын окуучулары арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча өткөрүлгөн жыйналыштын

**ПРОТОКОЛУ.**

2021-жыл 18-ноябрь Осовиахим айылы.

**1.**Мектепте тарбия иштеринин уюштуруучусу Айдай Сулаймpraнованын сөзү:Урматтуу окуучулар биздин мектепте жаштарды ыймандуулукка адептүүлүккө,маданиятуулукка тарбиялоо багытында жана зордук зомбулукту, кылмыштуулуктун алдын алуу,жолдо жүрүү эрежелери менен түшүндүрүү үчүн сөздү Кочкор РИИБнин башчысынын орун басары: Балбаев Р.К сөз берели.

**2.**Кочкор РИИБнин башчысынын орун басары Балбаев Р.К.Саламатсыздарбы окуучулар, окуу жылынын башталышы менен куттуктайм.Окууну баштарда чоң жоопкерчилик болду.Ички иштер министирлиги 4 багыт коюп жана жылды жакшы жыйынтыктоо үчүн талап коюлуп жатат.Жол кырсыгын азайтуу боюнча ,жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз.Мектеп формасын сактоо дагы милдетиңер.Жакшы окугула ,жакшы жакка умтула бергиле.Билимге канчалык сугарылсаңар мамлекет ошончолук бекем болот.Мектеп ичинде рекетчилик болсо эжейлериңерге жэ болбосо өзүңөрдүн ИДН Сөңкөл байкеңерге кайрылгыла. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз.Жакшы журуп жакшы окуп татыктуу тарбия алгыла.Буюрса дагы көп-көп келип турам.Сиздерди окутуп тарбия берип жаткан агай-эжейлериңерге дагы абдан чоң рахмат. ОРТжана башка тесттерден татыктуу балл алып илимдуу билимдуу болушунарга тилектешмин!

3.ЖИИНнин инспектору милициянын капитаны Жекшенбек уулу Сөңкөлбектин сөзү: Бугунку кун биз учун абдан жакшы кун болуп жатат баарыбызга кут кылсын!Биз сиздерге маданияттуулугу адептуулугу тарбиялуулугу боюнча маалымат беруу учун келдик.Мурунку жолугушууда милициянын жаш жардамчысы катары 10-8-класстын окуучуларын тандап шайлап кеттим эле.Мектептин тартиби ушулардын жардамы менен азыркы көрүнүшүнөрдөн көрүп турабыз аябай жакшы тартибиңер тазалыгыңар формаларыңар абдан жакшы азаматсыңар.Өз ара кечки рейддерди эжейиңер менен биргеликте уюштуруп тургула.Жакшы жакка басып,жаман жолго барбагыла.Окууңарга ийгилик каалайм.

Мектептин директору: А.Исакова

Катчысы ; Ф.Ишекеева

Убайдылда Малтабаров атындагы орто мектебинде өтүлгөн

6-7-8-9-10-11 –класстардын чогулушунун

# ТОКТОМУ

28-январь 2021-жыл Молдо Кылыч айылы

Каралуучу маселе:

1.Окуучулар арасында: Кылмыштуулукту болтурбоо жана алдын алуу

**Угулду:ЖИИН иш инспектору милициянын капитаны Жекшенбек уулу Сонколбектин созу**:Саламатсынарбы балдар? Менин бугунку келгенимдин максаты оспурумдор арасында зордук –зомбулукту жана рекетчиликти алдын алуу боюнча тушундуруу иштерин жургузуп чогулуш откоройун деп ойлодум. Озунор билгендей окуучулар арасында суицид, кылмыштуулук,тартип бузуучулук,бангизат колдонуу ж. б сыяктуу корунуштор кобойуудо. Бангизат колдонгондон кийин наркозатына коз каранды болуп калат жана аны колдонмоюн тура албай калган абалга жетип калат да акыры олум менен же болбосо талап тоноо ,кылмыштуулук менен аякташы толук мумкун . Рекетчиликтин аягы жаза болоорун жакшы билебиз. Рекетчилик майда тартип бузуучулуктан башталат. Мектепте озунорду жакшы алып журсонор ошого калыптанасынар.Билим алып жаткан мектебинерди,мугалимдеринерди,ата-энелеринерди сыйлашынар керек,кечкисин кочого чыкпагыла, мектептен кийинки мезгилде ата-энелер милдеттууу козомолдогонго.Эч кандай отуруш уюшулбасын ,тунку рейд журуп жатат. Кокусунан илинип калсанар акчалай штраф толойсунор.Окуучулук облигинер жакшы . Эркек балдардын айрымдарынын чачтары оскон, формалары начар спорттук курмолорду кийип алганынар туура эмес мектеп формасын сакташынар керек.

**Соц.педагог ТИУ: А.Сулаймpraйанованын созу:** Окуучулар мектептин эрежелерин так сакташыбыз керек болбосо баш аламандык окум сурот.Тартиби начар ,ээнбаш окуучуларга чара колдонушубуз керек. ИДН кызматкеринин баттан келип турушу жакшы нерсе себеби биздин тартибибизге,кылмыштуулукка баруунун алдын алып жатабыз деген ойдомун.

Жогорудагы маселелерди карап жана талкуулап чогулуштун катышуучулары

**ТОКТОМ** кылат

1. Рекетчиликти алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштуруп туруу
2. Мектеп окуучуларынын формаларын, тартип, тазалыгын козомолдоо мектеп жетекчилигине милдеттендирилсин.

Мектеп директору А.Исакова

Катчысы Ишекеева Фарида.

**Убайдылла Малтабаров атындагы орто мектебинде 2020-2021-окуу жылына карата жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, маданиятуулукка тарбиялоо багытында жана зордук-зомбулукту, кылмыштуулукту, эрте никеге турууну алдын алуу боюнча жогорку класстын окуучулары жана ата-энелери арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча откорулгон жыйналыштын**

# ПРОТОКОЛУ

2021-жыл 2-март Осовиахим айылы.

**1.Мектеп директору Исакова Астра Рыскулбековнанын сөзү:** Урматтуу ата-энелер, окуучулар биздин мектепте жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, маданиятуулукка тарбиялоо багытында жана зордук зомбулукту, кылмыштуулукту, эрте никеге туруу боюнча түшүндүрүү үчүн сөздү Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын башкы адиси Мамытова Наргиза Асанкуловнага берели.

**2. Мамытова Наргиза Асанкуловна:** Саламатсыздарбы окуучулар, ата-энелер сиздерди салттуу режимде окуп башташынар менен куттуктайм! Окууну баштаарда чоң жоопкерчилик болду. Жергиликтүү бийликке талап коюлуп, билим берүү жанданды. Үйдөн окуш өтө кыйын болду. Окуучулардын мектептен билим алуусуна, ата-энелер үчүн дагы балдар үчүн дагы жакшы болду. Окуу башталаар менен балдар арасында кылмыштуулук да каттала баштады. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. 2020-жылы телефон менен камсыз кылдык окуучуларды, ар кандай кыйынчылык менен алып бердиниздер. Ата-энелер сиздер телефондорун карап көзөмөлдөп турушунуздар керек. Окуучуларыбыз сабак окуу үчүн телефонду 20 пайыз колдонуп, калган пайызын "фри фаер"оюн ойноп отурушат. Телефонду көбүрөөк сабакка колдонуп, жакшы маалыматтарды алганга гана колдонгула. Телефонду алып койсо,баланын кыялы да өзгөрөт. Ата-эненин милдети баланы кийинтүү, курсагын тойгузуу деп гана келебиз. Бирок балага мээрим төгүп, алар менен жакын мамиледе болуп, кызыгып сүйлөшүп турунуздар.

Ата-энелерге сунуш 9-классты бутуп кеткендерден күйөөгө тийген, клей жыттаган балдар- кыздар көп болуп жатат. Мектепти толук бүткөндө кетирелик. Үчкө окуп деле депутат, бизнесмен болуп отурбайбы деп келебиз. Ошол үчкө окуган окуучудан, кандай бизнесмен, кандай депутаттар чыгат? Он сегиз жаштан кийин гана никеге турууга болот. Ата-эне менен баланын ортосунда мамиле мээрим төгүү болуш керек. 3-класстын баласы клей жыттап "мен вертолет менен учтум"деген. Балдар таза губкадайсынар.Себеби губкага кир нерсени синирсе кир болот, жакшы нерсе синирсе жакшы адам болосунар.

Быйыл 9-класстын баласы тамеки чегүү менен кармалып Кочкор РОВДга учётко алынган. Андай окуучуларга минимум 3000 сом штраф салынат. Анын кыялы Суворовскийге тапшыруу эле, бирок ал окууга тапшыра албай калды. Жакшы журуп, жакшы окуп, татыктуу тарбия алгыла.

**3.Кочкор районунун БББ адиси Турукбаева Нуржан Намазбековна:** Бүгүнкү күн биз үчүн жакшы күн болуп жатат, сиздер менен жолугушканыбызга кубанычтабыз!

Биз сиздерге маданияттуулукка , адептүүлүккө , ыймандуулукка тарбиялоо боюнча маалымат берүү үчүн келдик.

Урматтуу ата-энелер азыркы балдардын тарбиясына, журуш-турушуна, кобуроок маани берип козомолдоп турунуздар. Биз сиздердин мектепти жакшы жагы менен таанайбыз, себеби бул мектепте "Энелер мектеби "бар экенин билебиз.Бул да болсо баланын тарбиялуу болуусуна чон роль ойнойт.Ушул энелер мектебин токтотпостон уланта бериниздер. Биз сиздерден коптогон жакшы нерселерди жана жаны-жаны ийгиликтерди кутобуз. Келечек балдардын колунда демекчи балдарыбыз терен билим алып ОРТ жана башка тесттерден татыктуу балл алып, илимдуу, билимдуу болушунарга тилектешмин!

**4. Жаш оспурумдор менен иштоо инспекциясынын инспектору Жекшенбек уулу Сонкөл:** Биздин максатыбыз кылмыштылуукту алдын алуу боюнча өткөндө ушул мектептин балдары менен К.Акназаров мектебинин ортосунда телефон аркылуу чон кылмыштуулук болду. Бул нерсенин аягы тынч бүттү. Бирок ушундай балдардын жанжалдашуу иштери болушун каалабайбыз.

Экинчи маселебиз камкорчулук тууралуу: Урматтуу ата-энелер сиздер сыртка чыгып жатканда балдарды сөзсүз түрдө камкорчу адамга дайынданыздар. Эч качан кароосуз калбасын. Андан сырткары майрамдардын алдында окуучуларга эч качан отуруштарга уруксаат берилбейт. Эгерде мындай учур катталып калса анда 2 статья менен жоопко тартылат.

1-Окуучулардын кылмыштуулугун уюштуруу боюнча

2-Ата-эне балдарын кароосуз калтыргандыгы үчүн.

**5.Кочкор райондук оорулардын алдын алуу жана санэпид көзөмөл борборунун врачы: Боронбаева Арзанкүл:** Саламатсыздарбы окуучулар, ата-энелер!

COVID-даам сезбей калуу, ич өтүү, температура жогоруу болуу. Бугунку куну кызыл зонада 9 адам дарылануууда 118 топ дагы иштеп жатат.Бул оору ото жугуштуу болгону менен коркунучтуу болду.Ооруну алдын алуу: маска тагынуу, эмдоо жолу, колду бат-баттан жуу, антисептик колдонуу.

COVID синдрому-ооругандан кийин иммунитет тушуп, сахарный диабетке чалдыгат. Ошондуктан биз коп кыймылдап, зарядка кылуу зарыл. Ар кандай витаминдерди ичуу керек. Азыркы учурда COVID-19 коп катталган жок, баарыныздарга чын ден соолук каалайм деп созун жыйынтыктады.

**6.Кочкор районунун имам- Хатибинин оруну басары Карабашов Рахат**

Ар бир адам оз милдетин билиши керек. Мугалим балага билим берет. Ата-энеге бала- бул аманат. Балага туура тарбия беруу керек. Окуучунун милдети ата-энени угуу, сыйлоо, мугалимди сыйлоо жана илим алуу. Илимдуулордун даражасы дагы жогору болот.Тил уйронуп, телефонду туура пайдаланалы. Азыр окугула, адеп-ахлактуу болгула. Мусулман

адамдан тилинен да колунан да жапа чекпейт. Башка бирооно зыян келтирбеш керек. Зыян келтирсен созсуз турдо сен ошол жаза менен жазаланасын деген. Баарынын укугу бирдей. Бироонун укугун тебелебеш керек. Ата-энелер балага тарбия беруудо шарт тузуп бериш керек. "Уядан эмнени корсо,учканда ошону алат" демек уйдо тарбия жакшы болуш керек. Ата-энелер жоопкерчилик сиздерде, уйдон тарбия берсениздер.Бала учун сарандык кылбагыла, шарт тузуп бергиле. Кочот сыяктуу балага кам коруп, татыктуу тарбия берели.

**7.Ата-энелерден соз Чойбеков Мукамбеткалый агабызда:** Сиздерге ыраазыбыз, биздин балдарга кам коруп келип, тушундуруу иштерин жургузгонунуздорго. Ден-соолук, иштериниздерге ийгиликтерди каалайбыз.

Мектеп директору: А.Исакова

Катчысы : Б. Шералиев